УДК 37.035.6
DOI 10.35254/bsu/2025.72.25

***Сабырова Э. С.***
*К. Карасаев атындагы БМУ,*
*п.и.к., доцент*
*ssabyrova@bhu.kg*

***Алымбаева Б. Б.***
*Кыргыз билим берүү академиясы*
*Тарбия, социалдаштыруу жана*
*мектептен сырткаркы*
*кошумча билим берүү*
*лабор. башчысы*
*alymbaevabermet18@gmail.com*

***Нурланова А.Н.***
*К. Карасаев атындагы БМУ,*
*ага окут.*
*anurlanova@bhu.kg*

# УЛУТТУК КААДА-САЛТТАРДЫН НЕГИЗИНДЕ ЖАШТАРДЫ ТАРБИЯЛОО

**Кыскача мазмуну**

Бул изилдөө Кыргызстандагы жаштарды тарбиялоо тутумуна улуттук каада-салттарды интеграциялоо маселесин, глобалдашуу көйгөйлөрүн жана маданий өзгөчөлүктү сактоо зарылдыгын карайт. Изилдөөдө "тушоо кесүү" жана "сүйүнчү берүү" сыяктуу элдик үрп-адаттардын мекенчилдикти жана адеп-ахлактык баалуулуктарды калыптандыруудагы ролу талданат. "Кыргыз элинин үрп-адаттары" боюнча факультативдик курстарды жана Президенттин №369 Жарлыгы менен колдоого алынган долбоорлорду кошуу менен этномаданий баалуулуктарды билим берүү программаларына киргизүү ыкмаларына өзгөчө көңүл бурулат. "Манас" эпосуна кызыгуунун төмөндөшү, эне тилин билүүнүн начарлашы жана батыш маданий моделдеринин таасири аныкталган. Үй-бүлөнүн ролун күчөтүү, каада-салттарды жайылтуу үчүн санариптик платформаларды колдонуу жана окуу программаларын жаңылоо сунушталат. Элдик практикаларды системалуу колдонуу социалдык биримдикти бекемдөөгө жана уникалдуу маданий мурасты сактоого көмөктөшөрү баса белгиленет.

**Түйүндүү сөздөр:** глобалдашуу, өздүк, этнопедагогика, "Манас", улантуучулук, санариптештирүү, ыңгайлашуу, интеграция, өзүн-өзү аңдоо, маданияттар аралык диалог

***Сабырова Э.С.***
*к.п.н.,доцент*
*БГУ им. К. Карасаева,*
*ssabyrova@bhu.kg*

***Алымбаева Б.Б.***
*Кыргызская академия образования,*
*Зав. лабораторией воспитания,*
*социализации и внешкольного*
*дополнительного образования*
*alymbaevabermet18@gmail.com*

***Нурланова А.Н.***
*БГУ им. К. Карасаева, стар.преп.*
*anurlanova@bhu.kg*

# ВОСПИТАНИЕ МОЛОДЕЖИ НА ОСНОВЕ НАЦИОНАЛЬНЫХ ТРАДИЦИЙ

**Аннотация**

Исследование посвящено интеграции национальных традиций в систему воспитания молодежи Кыргызстана, учитывая вызовы глобализации и необходимость сохранения культурной идентичности. Анализируется роль народных обычаев, таких как «тушоо кесүү» и «сүйүнчү берүү», в формировании патриотизма и морально-нравственных ориентиров. Уделяется внимание методам внедрения этнокультурных ценностей в образовательные программы, включая факультативы по «Кыргыз элинин үрп-адаттары» и проекты, поддержанные Указом президента №369. Выявлено снижение интереса к эпосу «Манас», ослабление владения родным языком и влияние западных культурных моделей. Предложено усиление роли семьи, использование цифровых платформ для популяризации традиций и модернизация учебных планов. Подчеркивается, что системное применение народных практик способствует укреплению социальной сплоченности и сохранениею уникального культурного наследия.

**Ключевые слова:** глобализация, идентичность, этнопедагогика, "Манас", преемственность, цифровизация, адаптация, интеграция, самосознание, межкультурный диалог

***Sabyrova E.S.***
*Candidate of Pedagogical Sciences,*
*Associate Professor*
*K. Karasaev Bishkek State University*
*ssabyrova@bhu.kg*

***Alymbayeva B.B.***
*Kyrgyz Academy of Education*
*Head of the Laboratory of Upbringing,*
*Socialization, and Extracurricular*
*Additional Education*
*alymbaevabermet18@gmail.com*

***Nurlanova A.N.***
*BSU named after K. Karasaeva*
*anurlanova@bhu.kg*

# EDUCATING YOUTH BASED ON NATIONAL TRADITIONS


**Abstract**

This study explores the integration of national traditions into Kyrgyzstan's education system, considering the challenges of globalization and the preservation of cultural identity. Analyzed folk customs such as “tushoo kesüü” and “süyünchü berüü” to foster patriotism and moral values. It examines methods of incorporating ethnocultural values into educational programs, including courses on “Kyrgyz elinin ürp-adattary” and projects under Presidential Decree No. 369. Declining interest in the “Manas” epic, weakening native language skills, and Western cultural influence were found. It proposes strengthening family roles, using digital platforms for traditions, and modernizing curricula to contribute to social cohesion and cultural heritage preservation.



**Keywords:** globalization, identity, ethnopedagogy, "Manas", continuity, digitalization, adaptation, integration, self-consciousness, intercultural dialogue


Кыргызстан эгемендүүлүккө жетишкенден бери өз алдынча өнүгүүнүн жолун издеп келет. Улуттун келечегин, руханий жана социалдык прогрессин камсыз кылуу үчүн туруктуу идеялык багыт зарыл. Дал ушул максатта Кыргыз Республикасынын президенти Садыр Жапаров 2024-жылдын 18-декабрында "Улуттук дем — дүйнөлүк бийиктик" концепциясын кабыл алуу тууралуу ПЖ №369 жарлыкка кол койгон [1, 1б].

Кыргыз жарандары үчүн эң негизги байлык – бул эгемен мамлекет. Кыргыз эли үч миң жылдык тарыхында улуу каганаттарды түзүп, ар кандай кыйынчылыктарды жеңип чыккан. Ушул тарыхый мурасты сактоо жана өнүктүрүү үчүн улуттук каада-салттардын негизинде жаштарды тарбиялоо зарыл. Бул коомдун биримдигин бекемдөөгө, жарандык патриотизмди арттырууга жана жаңы демилгелерди жаратууга багытталган.

Бүгүнкү күндө улуттук аң-сезимди чыңдоо жана кыргыз элинин тарыхый өзгөчөлүктөрүн сактоо негизги маселелердин бири болуп эсептелет. Ошондой эле, мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө көмөктөшө турган идеяларды жайылтуу жана Кыргызстандын эл аралык аренадагы ордун чыңдоо маанилүү.

Кыргыз элинин тарыхый өнүгүшүндө улуттук каада-салттар чоң мааниге ээ болуп келген. Алар элдин маданиятынын ажырагыс бөлүгү катары жаш муундарды тарбиялоодо башкы курал катары колдонулган. Глобалдашуу шартында улуттук баалуулуктарды сактоо жана жаштарга үйрөтүү өзгөчө маанилүү. Бул макалада дал ушул маселелерге көңүл бурулуп, улуттук каада-салттардын жаштар тарбиясындагы орду талданат.

Кыргыз Республикасы – эгемен, демократиялык, укуктук жана унитардык мамлекет. Мамлекеттүүлүк – кыргыз элинин эң чоң байлыгы жана сыймыгы. Узак тарыхында кыргыздар нечендеген оор сыноолорду баштан кечирип, бирок ынтымагы жана биримдиги менен эгемендигин камсыз кыла алышты.

Улуттун жүзү болгон соң, улуттук баалуулуктарды, каада-салтты, салттуу билимдерди, эң башкысы нукура кыргыз келбетин алып жүрүүгө милдеттүү. Ал үчүн акыл-көрөңгө зээндүү болуш керек [2, 103 б]. Кыргыздар тарыхтын ар кандай мезгилдеринде мамлекеттүүлүгүн жоготуп, жазма маданиятынан ажыраган учурлар болгон. Ошентсе да, улуттук биримдигин сактап, руханий байлыгын өнүктүрүп, "Манас" эпосундай дүйнөлүк маданий

мурасты жараткан. "Манас" эпосу – кыргыз элинин руханий азыгы, биримдиктин жана күчтүн символу болуп келген жана кала берет.

**Кыргыз элинин башкы максаты – элинин жыргалуу турмушун камсыз кылуу менен улуттук дөөлөттөрдү сактар, дүйнөлүк аренада татыктуу орун ээлөө.** Кыргыз калкы билим, илим, маданият жана экономикалык чөйрөлөрдө ийгилик жаратууга жөндөмдүү жана потенциалы жогору.

Эгемендүүлүктү бекем сактап, улуттук дух менен алдыга умтулуу жана дүйнөлүк жетишкендиктерге жетүү – бул биздин негизги багыт. Жаңы кабыл алынган түшүнүктүк (концепциялык) негизде бир катар улуттук деңгээлдеги программалар жана жаңылоолор (реформалар) ишке ашырылары күтүлүүдө. Жогорку Кеңеш, Министрлер Кабинети жана жергиликтүү башкаруу органдары бул концепцияга таянып, экономикалык, социалдык жана маданий саясатын жүргүзүшсө, олуттуу ийгиликтерге жетүүгө болот.

Атайын билим берүү жана маданият тармагында бул концептуалдык негиздерди кеңири жайылтуу өзгөчө мааниге ээ. Жаштар улуттук аң-сезимди терең өздөштүрүп, заманбап билим менен куралданып, Кыргызстанды өнүккөн мамлекеттердин катарына кошууга багыт алышы абзел [3].

**Улуттук каада-салттардын мааниси**

"Өткөн тарыхыбызга канчалык кызыксак, өткөндү ошончолук баалайбыз." Улуулар менен кичүүлөрдүн уландысы салтка гана негизделет. Каада-салттар канчалык көп түрдүү болсо, эл ошончолук руханий бай. Андыктан балдарды каада-салттарыбызды урматтоого, аларды колдоого жана сактоого калыптандыруу абдан маанилүү. Каада-салттар – элдин жашоо образынын, тарыхынын жана маданий өзгөчөлүктөрүнүн күзгүсү. Алар аркылуу коомдун адеп-ахлактык нормалары жана тарбиялык баалуулуктары муундан муунга өткөрүлүп келген. Кыргыз эли эзелтен эле каада-салттарды сактап, аларды жаштарды тарбиялоодо негизги курал катары колдонуп келген.

Каада-салт – бул белгилүү бир элдин турмуш-тиричилигинде, үй-бүлөлүк жана коомдук мамилелеринде калыптанган жүрүм-турум эрежелеринин, ырым-жырымдардын, адеп-ахлактык баалуулуктардын жыйындысы. Каада-салт улут менен бирге жаралып, убакыттын өтүшү менен өнүгүп, тарыхый шарттарга жана географиялык чөйрөгө ылайык өзгөрүлүп турган. Ар бир элдин, улуттун өзүнө мүнөздүү каада-салттары бар жана алар муундан муунга өтүп, коомдук пикирдин таасири менен аткарылып, сакталып келет.

Алгач каада-салттар диний түшүнүктөр менен тыгыз байланышта болсо, кийинчерээк алар социалдык жана турмуш-тиричилик эрежелерине айланып, узак убакыт бою өнүгүп, өзгөчөлөнүп турган. Кыргыз элинин каада-салттары көчмөн жашоо шартында этностук жана маданий байланыштардын негизинде түзүлүп, убакыттын өтүшү менен өркүндөтүлгөн. Алар кыргыздардын маданий баалуулуктарынын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет [4, 54 б].

Кыргыздардын үрп-адаттары жана каада-салттары мазмуну боюнча бай жана көп кырдуу. Алар ар кандай тарыхый мезгилдерде, социалдык-экономикалык шарттарга жана маданий өнүгүүгө жараша өзгөрүп турган. Кыргыздардын каада-салттарында ислам дининин элементтери менен катар, исламга чейинки ишенимдердин да белгилери кездешет. Каада-салттар ар кандай ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр менен коштолуп, жашоо-тиричиликтин бардык тармактарына таасир эткен.

Каада-салттар адамдын өмүрүндөгү ар кандай учурларды, социалдык мамилелерди жана маданий элементтерди камтыйт. Алар төмөнкү негизги топторго бөлүнөт:

• Баланын төрөлгөн күнүнө байланыштуу салттар: сүйүнчү, көрүндүк, ат коюу, жентек той, бешикке салуу, тушоо кесүү, сүннөткө отургузуу ж.б.

• Үйлөнүү жана үй-бүлөлүк каада-салттар: бел куда, бешик куда, кудалашуу, сөйкө салуу, калың берүү, кыз узатуу, келин көрүү, нике кыюу, өкүл ата жана өкүл эне дайындоо ж.б.

• Жашоо соңуна байланыштуу каада-салттар: кабар айтуу, тул көтөрүү, өкүрүү, сөөк коюу, жыртыш берүү, кара аш берүү, жылдык аш ж.б.

• Жыл мезгили жана календардык салттар: Нооруз майрамы, аластоо, Орозо айт, Курман айт ж.б.

• Жашоо-тиричиликке байланыштуу салттар: көчүү, конок күтүү, тартуу берүү, үй салуу, мал багуу, түшүм алуу ж.б.

• Улуттук кийимдерге байланыштуу салттар: ак калпак, кементай, ичик, топу, элечек ж.б.

• Тамак-ашка байланыштуу салттар: сүт азыктары (айран, жуурат), эт азыктары (бешбармак, жөргөм), дан азыктары (көжө, максым), нан азыктары (боорсок, көмөч), суусундуктар (кымыз, бозо) ж.б.

Кыргыз элинин үрп-адаттары, каада-салттары жана материалдык маданияты анын этностук өзгөчөлүгүн аныктайт.

Салт деген эмне? **Салт** – муундан муунга, укумдан тукумга өтүп, узак убакыт бою сакталып келген социалдык жана маданий мурастын элементи. Ал дайыма кайталанып турат. Кайталанбаган нерсе салт болуп эсептелбейт. Бирок, бардык эле кайталанган нерсе салт эмес, айрымдары жөн гана каада болуп саналат.

Каада – бул заманга жараша салттын өзгөргөн түрү. Маселен, учурашуу – бул салт эмес, бирок анын кандайдыр бир жөрөлгөлөр менен коштолушу (мисалы, кол алышып саламдашуу, өбүшүп көрүшүү, ийин тийгизип учурашуу ж.б.) салтка айланат. Демек, белгилүү бир кубулуштун жөрөлгөлөр менен коштолуп, туруктуу кайталанышы улуттук каада-салттын негизин түзөт [5].

**Салттын негизги милдети** – жаштарды ыймандуулукка, адептүүлүккө, жоопкерчиликтүүлүккө, ата-эне жана коом алдындагы милдетин сезүүгө, улууларды сыйлоого жана жалпы адамдык асыл сапаттарды сактоого үйрөтүү болуп эсептелет.

Кыргыз элинин каада-салттары жаштарды тарбиялоодо, мекенчилдикти жана улуттук сыймыктанууну ойготууда маанилүү роль ойнойт. Өз элинин тарыхын жана маданиятын терең билген жаштар мекенинин татыктуу жараны болуп калыптана алышат. Каада-салттар жаш муундун инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө, боорукердикке, сылыктыкка жана улууларды сыйлоого үйрөтөт. Алар үй-бүлөлүк баалуулуктардын бекемделишине өбөлгө түзөт. Үй-бүлө ичиндеги сый-урмат, ынтымак жана жоопкерчилик дал ушул салттар аркылуу муундан муунга өтүп келген. Ошондой эле каада-салттар жаштарды коомго адаптациялоого көмөк көрсөтөт жана алардын коомдогу ордун аныктоого шарт түзөт.

Кыргыз элинин каада-салттары көп кырдуу жана алардын тарбиялык мааниси зор. Алардын айрымдары жаштардын руханий өсүшүндө өзгөчө мааниге ээ:

**1. Тушоо кесүү** – Бала жаңы кадам таштаганда, анын келечегине жакшы тилек айтылып, бата берилет. Бул салт жаштардын келечекке болгон үмүтүн арттыруу максатында өткөрүлөт.

**2. Сүйүнчү берүү** – Жакшы жаңылык алып келген адамга сүйүнчү берүү анын эмгегин баалоо менен коштолот. Бул адилеттүүлүктү жана эмгекчилдикти даңазалайт.

**3. Бата алуу жана берүү** – Улуулар жаштарга ак тилек айтып бата беришет. Бул салт улууларды сыйлоого жана жакшы тилек айтууга үндөйт.

**4. Конок тосуу** – Кыргыз элинин меймандостук салты адамдарды боорукер-

дикке, кеӊ пейилдүүлүккө жана достук мамилеге тарбиялайт [6].

«Жер жүзүндөгү ар бир улуттук нарк адамзаттын жан дүйнө казынасынын кайталангыс табылгасы болуп саналат. Жалпы адамзаттык нарк улуттук-этникалык маданияттардын көп түрдүү биримдигинен түзүлөт. Жаратылыштагы биоартүрдүүлүк сыяктуу эле адамзат коомундагы социомаданий ар түрдүүлүк да мыйзам ченемдүү көрүнүш. Улуттук нарк башка элдерге да жакын жана түшүнүктүү болуп, жалпы адамзаттык баалуулуктардын катарына кирет. Ошондуктан ал калктардын, этностордун ортосундагы ынтымак-достукка, өз ара мамилеге шайкешип, бириктирүүчү кызматты аткарган [7].

Маданий салттар – муундан муунга өтүп келе жаткан тарыхый калыптанган ченемдердин, үрп-адаттардын, ишенимдердин, ырым-жырымдардын жана баарлашуу формаларынын жыйындысы. Педагогика контекстинде алар баалуулук багыттарын жана этномаданий өзгөчөлүктөрдү берүү милдетин аткарышат [8, 150-154 бб.].

Кыргыз мектептерде «Кыргыз элинин үрп-адаттары», «Элдик педагогиканын башаты», «Кыргыз каада-салттары жана нарк-насили» деген атайын курстар жана факультативдер киргизилип жатат. Бул маданий мурастарды билим берүү тармагында колдонуунун оӊ жагы болсо, терс жагы да бар. Бүгүнкү күндө кооптуу тенденция байкалып жатат: өсүп келе жаткан муун «Манас» эпосун азыраак билет, эне тилин начар билет, салттуу маданияттын макал-лакаптар, элдик ырлар өӊдүү элементтери алардын кызыгуу чөйрөсүнөн тышкары калууда. Бул муундар ортосундагы ажырымды жана билим берүү чөйрөсүндө улуттук руханий баалуулуктардын маанисинин төмөндөшүнөн кабар берет.

Кызыкчылыктын жоголушуна көптөгөн себептер бар, мисалы: глобализациянын таасири жана маалымат каражаттары аркылуу чет элдик маданияттардын үстөмдүгү; окуу планында этномаданий мазмундун жетишсиздиги; азыркы баланын кызыкчылыгына жана психологиясына туура келбеген окутуунун эскирген формалары [9, 327-330 бб.].

Кыргыз эли улуттук каада-салттарын сактап келгендигинин аркасында өзүнүн маданий өзгөчөлүгүн жоготпой, бүгүнкү күнгө жеткирген. Бирок, бүгүнкү күндө глобалдашуу жана технологиянын өсүшү менен жаштардын каада-салттарга болгон мамилеси өзгөрүүдө. Кээ бир салттар унутулуп, алардын ордун башка маданияттар ээлеп жатканы байкалат. Бул көйгөйдү чечүү үчүн төмөнкү кадамдар аткарылышы зарыл:

• **Билим берүү тармагына улуттук каада-салттарды киргизүү** – Мектептерде жана жогорку окуу жайларында каада-салттар боюнча сабактарды окутуу керек.

• **Үй-бүлөдө салттарга басым жасоо** – Ата-энелер балдарына кыргыздын үрп-адаттарын үйрөтүп, үлгү көрсөтүшү зарыл.

• **Массалык маалымат каражаттарын колдонуу** – Каада-салттардын маани-маӊызын телевизор, интернет жана социалдык тармактар аркылуу жайылтуу керек.

Жаштарды улуттук баалуулуктарга ылайык тарбиялоо үчүн төмөнкү иш-аракеттер аткарылышы керек:

**1. Улуттук маданиятты сактоо жана жайылтуу** – Жаштар өз элинин тарыхын, тилин жана маданий мурастарын билип, сыйлашына шарт түзүү.

**2. Кошумча билим берүү программаларын киргизүү** – Мектептерде жана жогорку окуу жайларында каада-салттар, элдик өнөр жана улуттук искусство боюнча курстарды уюштуруу.

**3. Мекенчилдикке тарбиялоо** – Жаштардын мекенге болгон сүйүүсүн ойготуп, алардын коом алдындагы жоопкерчилигин арттыруу.

**4. Улуттук символдорду түшүндүрүү** – Туу, герб, гимн сыяктуу улуттук баалуулуктардын маанисин жаштарга жеткирүү.

**5. Салтка негизделген коомдук иш-чараларды өткөрүү** – Нооруз, Курман айт сыяктуу улуттук майрамдарда жаштарды активдүү катыштырууну колго алуу.

**6. Адеп-ахлакка басым жасоо** – Үй-бүлөдө жана коомдо жаштарды адамгерчиликке, жоопкерчиликке жана улууларды урматтоого тарбиялоо .

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинин каада-салттары жаштарды тарбиялоодо маанилүү роль ойнойт. Алар адамдын адеп-ахлагын калыптандырууга, коомдогу ордун табууга көмөктөшөт. Ошондуктан, каада-салттарды сактоо жана муундан муунга өткөрүп берүү ар бир жарандын парзы. Улуттук каада-салттар унутулса, улуттун келечеги да бүдөмүк болуп калышы мүмкүн.

**Адабияттар**


1. О Доктрине (Унгужол) «Национальный дух - мировые высоты» : Указ Президента Кыргызской Республики от 18 декабря 2024 года № 369 // Централизованный банк данных правовой информации Кыргызской Республики : [сайт]. – URL: https://cbd.minjust.gov.kg/230019498/edition/23327/ru (дата обращения: 18.12.2024).
2. Сабырова, Э. С. Кыз – келечек муундун пайдубалы / Э. С. Сабырова, Б. Б. Алымбаева // БМУнун жарчысы. – 2024. – № 2(68). – Б. 101-105.
3. Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн жаңы Улуттук программасы-2030: негизги багыттарды талкуулоо // Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин расмий сайты : [сайт]. – URL: https://www.gov.kg/ky/post/s/24989-kyrgyz-respublikasyn-onukturuunun-zany-uluttukprogrammasy-2030-negizgi-bagyttardy-talkuuloo (дата обращения: 06.04.2025).
4. Алымбаева, Б. Б. Билим жанып турган-чырак : ата-энелер, класс жетекчилер үчүн методикалык колдонмо / Б. Б. Алымбаева, Э. С. Сабырова. – Бишкек, 2022. – 54 б.
5. Каада-салт // Википедия : эркин энциклопедия : [сайт]. – URL: https://ky.wikipedia.org/wiki/Каада-салт (дата обращения: 06.04.2025).
6. Садыкова, Г. Кыргыз этнопедагогикасынын негиздери / Г. Садыкова. – Бишкек : Билим, 2008. – 109 б.
7. Улуттук нарк маселесине өзгөчө маани берели // Кут Билим : [сайт]. – URL: https://kutbilim.kg/analytics/inner/uluttuk-nark-maselesine-zg-ch-maani-bereli (дата обращения: 06.04.2025).
8. Эсенаманова, Ж. Ж. Теоретические проблемы концепций идентичности и идентификации / Ж. Ж. Эсенаманова // Вестник БГУ. – 2018. – № 1(43). – С. 150-154.
9. Таирова, К. А. Этнопедагогика в условиях глобализации: вызовы и перспективы сохранения культурных традиций / К. А. Таирова // Вестник БГУ. – 2024. – № 3(69). – С. 327-330.